**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БОРБОРДУК ШАЙЛОО КОМИССИЯСЫНЫН НООКЕН, БАЗАР-КОРГОН, МАЙЛУУ-СУУ АЙМАКТЫК ШАЙЛОО КОМИССИЯЛАРЫНДАГЫ АТАЙЫН ӨКУЛҮ**

**СПЕЦИАЛЬНЫЙ ПРЕДСТАВИТЕЛЬ ЦЕНТРАЛЬНОЙ ИЗБИРАТЕЛЬНОЙ КОМИССИИ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ В НООКЕНСКОЙ, БАЗАР-КОРГОНСКОЙ, МАЙЛУУ-СУУЙСКОЙ ТЕРРИТОРИАЛЬНЫХ ИЗБИРАТЕЛЬНЫХ КОМИССИЯХ**

**721200 Масы а., Турдумбетов көч №37,**
**Тел:03734-5-13-36Тел:03734-5-13-36**
**e-mail:adm13@shailoo.gov.kge-mail:adm13@shailoo.gov.kg**

**721200 с. Масы ул. Турдумбетова №37**

**№ 01-02/06 от «04» 05 2021г.**

**Кыргыз Республикасынын шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясына**

2021-жылдын 11-апрелинде өткөн Кыргыз Республикасынын КР жергиликтүү кенештеринин депутаттарын шайлоодо Ноокен районунун №2199 Жаны-Арык шайлоо участогунда добуш берүүнүн жыйынтыктары чыккан мезгилде шайлоочуларды идентификациялоо боюнча жыйынтыктоочу отчетуна караганда бюллетендерди кол менен эсептөөнүн жыйынтыгында айырма чыккан. Аймактык шайлоо комиссиясынын 2021-жылдын 12-апрелиндеги №40 чечими менен №2199 Жаны-Арык шайлоо участогунда жергиликтүү кенештердин депутаттарын шайлоодо добуш берүүнүн жыйынтыктары жокко чыгарылып, участкалык шайлоо комиссиясынын курамы толук таркатылган. Ошондой эле аймактык шайлоо комиссиясынын 2021-жылдын 3-майындагы №45-чечими менен №2199 шайлоо участогунда 2021-жылдын 16-майына кайра добуш берүү дайындалды.

Ноокен аймактык шайлоо комиссиясынын 12.04.2021-ж. №40 жана 03.05.2021-ж. №45-чечимдери жөнөтүлөт.

Атайын окүл: М.Маматов

**Ноокен аймактык шайлоо комиссиясы**

**ЧЕЧИМ №110**

Масы айылы 2021-жылдын 12 -апрель

“Бүргөндү айылдык кенешинин (№3 Жаны-Арык шайлоо округу) №2199 Жаны-Арык шайлоо участогунда добуш берүүнүн жыйынтыктарын жокко чыгаруу жөнүндө”

2021-жылдын 11-апрелинде №2199 Жаны-Арык шайлоо участогунда добуш берүүнүн жыйынтыктары чыккан мезгилде Идентификациялоо жана АЭУ чектеринде айырма болуп, кол менен саноодо АЭУ жабдуусунан жергиликтүү кенештердин депутаттарын шайлоодо 21 бюллетень идентификациялоо чектеринен ашыкча болуп чыккан. Участкалык шайлоо комиссиясынын төрагасы Н.Арипов жазган түшүнүк катында 11-апрель күнү Бүргөндү аскердик чек ара кызматынын аскерлери КР Референдумуна добуш берүүдө комиссия мүчөлөрү тарабынан жергиликтүү кенештердин депутаттарын шайлоо бюллетендерин кошуп берип коюшкандыктан добуш берүүнүн жыйынтыктарында айырма чыгып калгандыгын билдирген. Ошондой эле добуш берүүнүн жыйынтыктары чыккан мезгилде Идентификациялоо жана АЭУ чектеринде айырма болуп, кол менен саноодо АЭУ жабдуусунан КР Референдумуна добуш берүү боюнча 4 бюллетень идентификациялоо чектеринен ашыкча болуп чыккан. Участкалык шайлоо комиссиясынын төрагасы Н.Арипов жазган түшүнүк катында 4 шайлоочуга жергиликтүү кенештин депутаттарын шайлоого гана идентификация чек чыккан, бирок шайлоо комиссиясынын мүчөсү КР Референдумуна добуш берүү үчүн шайлоо бюллетенин кошуп берген. Кол менен саноонун жыйынтыгында идентификациялоо жана АЭУ чектеринин ортосундагы айырмачылык тастыкталган.

“Жергиликтуу кенештердин депутаттарын шайлоо жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 38-беренесинин 5-пунктунун 1-бөлүгүнө жана “Кыргыз Республикасынын Референдуму жөнүндөгү” Кыргыз Республикасынын Конституциялык Мыйзамынын 37-беренесинин 4-пунктуна ылайык Ноокен аймактык шайлоо комиссиясы

**ЧЕЧИМ КЫЛАТ:**

1.№2199Жаны-Арык шайлоо участогунда жергиликтуу кенештердин депутаттарын шайлоододобуш берүүнүн жыйынтыктары жокко чыгарылсын.

2. №2199 Жаны-Арык шайлоо участогунда КР Референдумуна добуш берүүнүн жыйынтыктары жокко чыгарылсын.

3. Бул чечим Кыргыз Республикасынын шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясына жөнөтүлсүн

4.№2199 Жаны-Арык участкалык шайлоо комиссиясынын курамы таркатылып, кайрадан түзүлсүн.

5. Бул чечимдин аткарылышын көзөмөлдөө Ноокен аймактык шайлоо комиссиясынын төрагасы А. Курманкуловго жүктөлсүн.

**Ноокен аймактык шайлоо комиссиясынын төрагасы:** **А.Курманкулов**

**Катчысы:** **А.Мурзакулова**

**Ноокен аймактык шайлоо комиссиясы**

**ЧЕЧИМ №45**

Масы айылы 2021-жылдын 03-майы

"Бүргөндү айылдык кенешинин (№3 Жаны-Арык шайлоо округу) №2199 Жаны-Арык шайлоо участогунда кайра добуш берүүнү дайындоо жөнүндө"

2021-жылдын 11-апрелинде №2199 Жаны-Арык шайлоо участогунда добуш берүүнүн жыйынтыктары чыккан мезгилде шайлоочуларды идентификациялоо боюнча жыйынтыктоочу отчетуна караганда бюллетендерди кол менен эсептөөнүн жыйынтыгында айырма бюллетенге ашыкча чыккан. Участкалык шайлоо комиссиясынын төрагасы Н.Арипов жазган түшүнүк катында 11-апрель күнү Бүргөндү аскердик чек ара кызматынын аскерлери референдумда добуш берүүдө комиссия мүчөлөрү тарабынан жергиликтүү кенештердин депутаттарын шайлоо бюллетендерин кошуп берип коюшкандыктан добуш берүүнүн жыйынтыктарында айырма чыгып калгандыгын билдирген. Бул айырмачылык тастыкталып, Ноокен аймактык шайлоо комиссиясынын 2021-жылдын 12-апрелиндеги №40 чечими менен №2199 Жаны-Арык шайлоо участогунда жергиликтүү кенештердин депутаттарын шайлоодо добуш берүүнүн жыйынтыктары жокко чыгарылып, участкалык шайлоо комиссиясынын курамы толук таркатылган.

"Жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоо жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 38-беренесинин 5-пунктуна ылайык, Ноокен аймактык шайлоо комиссиясы

**ЧЕЧИМ КЫЛАТ:**

1. Бүргөндү айылдык кенешинин (№3 Жаны-Арык шайлоо округу) №2199 Жаны-Арык шайлоо участогунда катталган талапкерлер боюнча кайра добуш берүү 2021-жылдын 16-майында (жекшемби) өткөрүлсүн.

3. №2199 Жаны-Арык шайлоо участогунда шайлоочулардын акыркы тизмесинде катталган 2534 шайлоочуга мыйзамда белгиленген кошумча 0,1%ды эске алуу менен шайлоо бюллетендерин даярдап берүү Кыргыз Республикасынын шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынан суралсын.

4. Кайра добуш берүү үчүн тийиштүү иш-чаралардын планын иштеп чыгуу аймактык шайлоо комиссиясынын катчысына милдеттендирилсин.

5. Бул чечимдин аткрылышын контролдоо Ноокен аймактык шайлоо комиссиясынын төрагасы А. Курманкуловго жүктөлсүн.

**Ноокен аймактык шайлоо комиссиясынын төрагасы:** **А.Курманкулов**

**Катчысы:** **А.Мурзакулова**